Кыргыз Республикасынын
Судьялар кеңешинин
2022-жылдын 13-январындагы
чечими менен бекитилген

# Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектеби жөнүндө ЖОБО

*(Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин 2025-жылдын 31-октябрындагы чечиминин редакциясына ылайык)*

## I. Жалпы жобо

1.1. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектеби (мындан ары - Сот адилеттигинин жогорку мектеби) судьялардын, Кыргыз Республикасынын сотторунун аппараттарынын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин (мындан ары - Сот департаменти) кызматкерлерин окутууну жана квалификациясын жогорулатууну жүзөгө ашыруучу, ошондой эле талапкерлердин резервине кирген судьянын кызмат ордуна талапкерлерди окутуучу мамлекеттик мекеме болуп саналат.

1.2. Сот адилеттигинин жогорку мектеби Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин (мындан ары-Судьялар кеңеши) 2017-жылдын 13-январындагы чечиминин негизинде Судьяларды окутуу борборунун укук улантуучусу болуп саналат.

1.3. Сот адилеттигинин жогорку мектеби өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, "Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамдарын, "Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө", "Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын, ошондой эле Соттук өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдерин, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун (мындан ары - Жогорку сот) төрагасынын буйруктарын жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

1.4. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин ишине кесиптик билим берүү жөнүндө мыйзамдар жайылтылбайт.

1.5. Сот адилеттигинин жогорку мектеби юридикалык жак болуп саналат, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербинин сүрөтү түшүрүлгөн жана өзүнүн аталышы мамлекеттик жана расмий тилдерде жазылган мөөрү, өз ишин жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон мөөрлөрү, штамптары, бланктары бар. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин өз

алдынча балансы, Казыналыктын аймактык бөлүмдөрүндө белгиленген тартипте ачылган эсептик счету жана башка эсептери бар, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык юридикалык жактын укуктарына, милдеттерине жана жоопкерчилигине ээ.

1.6. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин толук расмий аталышы:

- мамлекеттик тилде: “Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектеби”;

- расмий тилде: «Высшая школа правосудия при Верховном суде Кыргызской Республики».

1.7. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кыскартылып аталышы:

- мамлекеттик тилде: “Сот адилеттигинин жогорку мектеби” (САЖМ);

- рассмий тилде “Высшая школа правосудия” (ВШП).

1.8. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин жайгашкан жери: 720010, Бишкек ш., Москва көч. 201.

## II. Максаты жана милдети

2.1. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин негизги максаты Кыргыз Республикасынын судьяларын, соттордун аппарат кызматкерлерин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин кызматкерлерин окутуу жана квалификациясын жогорулатуу, ошондой эле талапкерлердин резервине кирген судьянын кызмат ордуна талапкерлерди (мындан ары – судьяларды жана сот системасынын кызматкерлерин, талапкерлердин резервин) окутуу болуп саналат.

2.2. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин негизги милдети болуп:

- судьяларды жана сот системасынын кызматкерлерин үзгүлтүксүз окутуу жана квалификациясын жогорулатуу;

- талапкерлердин резервине кирген судьянын кызмат ордуна талапкерлерди окутууну уюштуруу жана окутууну өткөрүү;

- соттордо сот адилеттигин жүргүзүүдө жана сот өндүрүшүн уюштурууда актуалдуу проблемаларга изилдөөлөрдү жүргүзүү;

- билим берүү жана илимий ишти, ошондой эле материалдык-техникалык жана методикалык базаны өнүктүрүү.

## III. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин функциясы

3.1. Коюлган милдеттерге жетиш үчүн Сот адилеттигинин жогорку мектеби төмөнкүдөй функцияларды жүзөгө ашырат:

- судьяларды жана сот системасынын кызматкерлерин окутуунун жана квалификациясын жогорулатуунун (кыска мөөнөттүү, орто мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү) стратегиясын иштеп чыгуу;

- судьяларды жана сот системасынын кызматкерлерин окутууну жана квалификациясын жогорулатууну уюштуруу жана өткөрүү;



Кыргыз Республикасынын Судьялар Кеңеши Совет судей Кыргызской Республики

- талапкерлердин резервине окутууну уюштуруу жана өткөрүү;
- окуу процессин методикалык жана маалыматтык камсыздоо;
- окуу программаларын, окуу куралдарын жана методикалык материалдарды иштеп чыгуу;
- окуу-методикалык материалдарды басып чыгаруу жана жарыялоо;
- билим берүү процессине жаңы билим берүү жана маалыматтык технологияларды киргизүү, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин материалдык-техникалык базасын өркүндөтүү;
- Кыргыз Республикасынын судьяларынан, анын ичинде отставкадагы судьялардан, ошондой эле иштеп жаткан юристтерден, жогорку окуу жайларынын профессордук-окутуучуар курамынан жана башка адистерден окутуучу курамды түзүү;
- судьяларды жана сот системасынын кызматкерлерин окутуу жана квалификациясын жогорулатуу маселелери боюнча соттук-укуктук реформаны илгерилетүү жаатында конференцияларды, анын ичинде эл аралык аналитикалык изилдөөлөрдү уюштуруу жана өткөрүү;
- судьяларды жана сот тутумунун кызматкерлерин окутуу жана квалификациясын жогорулатуу жаатында алардын тажрыйбасын изилдөө жана пайдалануу максатында чет өлкөлөрдүн укуктук, илимий, билим берүү мекемелери жана эл аралык уюмдар менен кызматташуу;
- Сот адилеттигинин жогорку мектебине жүктөлгөн милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон юридикалык, илимий адабияттар фондун, башка маалыматтык ресурстарды түзүү жана өнүктүрүү;
- Сот адилеттигинин жогорку мектебине жүктөлгөн милдеттерди аткаруу максатында мамлекеттик, муниципалдык, коомдук жана жеке мекемелер жана уюмдар менен байланыштарды түзүү жана өнүктүрүү;
- Сот адилеттигинин жогорку мектебине жүктөлгөн милдеттерге тиешелик кылынган маселелер боюнча эл аралык программалар жана долбоорлор менен кызматташуу;
- Сот адилеттигинин жогорку мектебине жүктөлгөн максаттарга жана милдеттерге жетиш үчүн зарыл болгон башка функцияларды ишке ашыруу.

## IV.Сот адилеттигинин жогорку мектебинин укугу жана милдеттери

4.1. Сот адилеттигинин жогорку мектеби өз компетенциясынын чегинде төмөнкүлөргө укуктуу:

- Сот адилеттигинин жогорку мектебинин милдеттерин жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды, документтерди жана материалдарды мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, мамлекеттик, муниципалдык, коомдук, жеке мекемелерден, уюмдардан жана ишканалардан, алардын кызмат адамдарынан белгиленген тартипте суроого жана алууга;

Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши Совет судей Кыргызской Республики

- мыйзам долбоорлоо, эксперттик, изилдөө иштерин аткаруу жана консультация берүү үчүн илимий уюмдарды, мамлекеттик жана башка органдардын, мекемелердин жана уюмдардын кызматкерлерин, лекторлорду жана башка адистерди, эксперттерди белгиленген тартипте тартууга;

- Жогорку соттун төрагасы менен макулдашуу боюнча Судьялар кеңешине Сот адилеттигинин жогорку мектебинин ишин, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн, материалдык жана социалдык жактан камсыз кылуунун шарттарын жакшыртуу жөнүндө сунуштарды киргизүүгө.

4.2. Сот адилеттигинин жогорку мектеби милдеттүү:

- өз ишин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Жобого ылайык жүзөгө ашырууга;

- Жогорку соттун жана жергиликтүү соттордун, соттук өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик жана башка бийлик органдарынын суроо-талаптары боюнча Сот адилеттигинин жогорку мектебинин компетенциясына кирген маалыматтарды мыйзамдарда белгиленген тартипте берүүгө;

- Сот адилеттигинин жогорку мектебинин иши жөнүндө отчетторду Судьялар кеңешинин жана Жогорку соттун кароосуна берүүгө;

- Жогорку соттун төрагасына жана Судьялар кеңешине судьялардын квалификациясын жогорулатууну өткөрүү тартиби жана мөөнөттөрү, судьялардын жана сот системасынын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатууну уюштуруунун башка маселелери боюнча сунуштарды бекитүүгө жиберүүгө;

- Судьялар кеңешине Сот адилеттигинин жогорку мектебинин окутуучу курамынын эмгек акысынын ченемдерин бекитүүгө берүүгө.

## V. Окутуу иш - чараларын уюштуруу

5.1. Судьяларды жана сот системасынын кызматкерлерин окутуу жана квалификациясын жогорулатуу үзгүлтүксүз жана милдеттүү мүнөзгө ээ жана Жогорку соттун төрагасы, Судьялар кеңеши тарабынан бекитилүүчү "Судьялардын жана сот системасынын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу тартиби жөнүндө жобонун" негизинде жүзөгө ашырылат.

5.1-1. Талапкерлердин резервин окутуу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы менен макулдашуу боюнча, Судьялар кеңеши тарабынан бекитилген, Биринчи инстанциядагы соттордун судьяларынын кызмат ордуна талапкерлердин резервин окутуу жөнүндө Жобонун негизинде жүзөгө ашырылат.

5.2. Судьяларды жана сот системасынын кызматкерлерин окутуу жана квалификациясын жогорулатуу боюнча Программа (окуу планы) бир жылга түзүлөт жана Жогорку сотунун төрагасынын макулдугу менен Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши тарабынан бекитилет.

Судьялардын квалификациясын жогорулатуу окуу программаларына ылайык 3 жылда бир жолудан кем эмес жүзөгө ашырылат.

Судьяларды жана сот системасынын кызматкерлерин окутуу жана квалификациясын жогорулатуу соттордун укук колдонуу ишинин актуалдуу маселелери боюнча жүргүзүлөт.

5.3. Сот адилеттигинин жогорку мектеби өткөрүлгөн окутуунун жыйынтыгы боюнча белгиленген үлгүдөгү сертификаттарды жана күбөлүктөрдү берет.

5.3-1 Талапкерлердин резервин окутуу Сот адилеттигинин жогорку мектеби тарабынан иштелип чыккан Окуу планга ылайык өткөрүлөт. Окутуу талапкерлердин резервинин ичинен топтордун түзүлгөнүнө жараша уюштурулат. Соттордо такшалмадан өтүүнү жана тестирлөөдөн ийгиликтүү өтүүнү камтыган, окутуунун жыйынтыгы боюнча белгиленген үлгүдөгү күбөлүк берилет.

5.4. Окутуу процессинин сапатын контролдоо Судьялар кеңеши тарабынан жүзөгө ашырылат.

5.5. Интеллектуалдык менчик объектилерине болгон укуктар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жөнгө салынат.

## VI. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин түзүмү

6.1. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин мамлекеттик кызматчыларынын жана окутуучу курамынын түзүмү жана штаттык расписаниеси Жогорку сотунун төрагасы тарабынан белгиленген Сот адилеттигинин жогорку мектебинин мамлекеттик кызматчыларынын жана окутуучу курамынын штаттык санынын чегинде аныкталат жана Судьялар кеңешинин макулдугу менен Сот адилеттигинин жогорку мектебинин директору тарабынан бекитилет.

6.2. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кенже тейлөөчү кызматкерлеринин жана техникалык персоналынын чектик саны чыгымдардын сметасынын чегинде Судьялар кеңешинин макулдугу менен Сот адилеттигинин жогорку мектебинин директору тарабынан белгиленет жана бекитилет.

## VII. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин иш-аракетин уюштуруу

7.1. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин ишине жалпы жетекчиликти жана контролду Сот адилеттигинин жогорку мектебинин жетекчиси - Судьялар кеңешинин макулдугу менен Жогорку соттун төрагасы тарабынан кызмат ордуна дайындалуучу жана бошотулуучу директор жүзөгө ашырат.

Сот адилеттигинин жогорку мектебинде директордун орун басарынын кызмат орду каралган. Директордун орун басары Сот адилеттигинин жогорку

мектебинин директорунун сунушу боюнча Жогорку соттун төрагасы тарабынан дайындалат жана бошотулат.

Директордун орун басары түздөн-түз Сот адилеттигинин жогорку мектебинин директоруна баш ийет.

Директордун орун басарынын кызматтык милдеттери Сот адилеттигинин жогорку мектебинин директору тарабынан аныкталат жана бекитилет.

7.2. Сот адилеттигинин жогорку мектеби өз ишинде Жогорку соттун төрагасына жана судьялар Кеңешине отчет берет.

7.3. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин директору:

- Сот адилеттигинин жогорку мектебинин иш-аракетин жетектейт;

- мыйзамдарда каралган учурларда жана тартипте соттук өз алдынча башкаруу органдарынын, Кыргыз Республикасынын Сот адилеттиги иштери боюнча кеңешинин жыйналыштарына, ошондой эле Сот адилеттигинин жогорку мектебинин компетенциясына кирген маселелер боюнча башка мамлекеттик жана башка органдардын, мекемелердин, уюмдардын ишине катышат;

- Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматкерлеринин кызматтык нускамаларын бекитет;

- Сот адилеттигинин жогорку мектебинин ишин уюштурат жана камсыз кылат;

- Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматкерлеринин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын, ушул Жобону жана ички эмгек тартибинин эрежелерин сакташын камсыз кылат;

- Сот адилеттигинин жогорку мектебин каржылоо үчүн каралган акча каражаттарынын максаттуу пайдаланылышын камсыз кылат;

- келишимдерди түзөт, ишеним каттарды берет, банктарда эсептөө счетторун жана башка эсептерди ачат, белгиленген тартипте каражаттарды тескөө укугунан пайдаланат;

- Сот адилеттигинин жогорку мектебинин мамлекеттик кызматчыларын жана башка кызматчыларын, кенже тейлөөчү кызматкерлерин жана техникалык персоналын белгиленген тартипте кызматка дайындайт жана бошотот;

- директордун орун басарынын сунушу боюнча атайын класстык чендер боюнча комиссиянын корутундуларынын негизинде Сот адилеттигинин жогорку мектебинин мамлекеттик кызматкерлерине атайын класстык чендерди ыйгарат, ошондой эле класстык ченден ажыратуу же төмөндөтүү жөнүндө чечим кабыл алат;

- Сот адилеттигинин жогорку мектебинин мамлекеттик кызматчыларына жана башка кызматчыларына карата сыйлоо жана тартиптик жаза чараларын колдонот;

- өз компетенциясынын чегинде Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматкерлери аткарууга милдеттүү болгон буйруктарды чыгарат жана алардын аткарылышын контролдойт;



Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши
Совет судей Кыргызской Республики

- жыл сайын Судьялар кеңешине жана Жогорку соттун төрагасына бюджеттин тиешелүү бөлүгүндө аткарылышы жана Сот адилеттигинин жогорку мектебинин иши жөнүндө отчет берет;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Жобого ылайык башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

- Сот адилеттигинин жогорку мектебинин директору жок болгон учурда анын милдеттерин аткаруу директордун орун басарына жүктөлөт.

7.4. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин директору төмөндөгүлөр үчүн жеке жоопкерчилик тартат:

- ушул Жобого ылайык Сот адилеттигинин жогорку мектебинин максаттарын, милдеттерин жана функцияларын талаптагыдай аткаруу;

- Сот адилеттигинин жогорку мектебинин карамагында турган мүлктүн сакталышын камсыз кылуу;

- Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматкерлеринин өздөрүнүн кызматтык милдеттерин аткарышы;

- Сот адилеттигинин жогорку мектебине жүктөлгөн башка функцияларды аткаруу.

7.5. Директордун орун басары Сот адилеттигинин жогорку мектебинин директорунун сунушу боюнча Жогорку соттун төрагасы тарабынан дайындалат жана бошотулат.

Директордун орун басарынын кызматтык милдеттери Сот адилеттигинин жогорку мектебинин директору тарабынан аныкталат жана бекитилет.

Директордун орун басары:

- коррупциянын алдын алууга жана ага каршы турууга багытталган иш-чараларды уюштурууну жана координациялоону камсыздайт;

- ички контролдоо жана коррупциялык көрүнүштөрдүн алдын алуу системасынын иштешин камсыздайт;

- кызматкерлердин кызматтык тартипти, кызматтык жүрүм-турум ченемдерин жана коррупцияга каршы стандарттарды сактоосун үзгүлтүксүз көзөмөлдөөнү камсыз кылат.

Директордун орун басары түздөн-түз Сот адилеттигинин жогорку мектебинин директоруна баш ийет.

## VIII. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматкерлерин укуктук жана социалдык жактан коргоо, алардын милдеттери жана жоопкерчилиги

8.1. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматкерлери окутуучу курам, техникалык тейлөө кызматкерлери жана кенже тейлөө кызматкерлеринен башкасы, мамлекеттик кызматкерлер болуп саналат.

Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматкерлерин укуктук жана социалдык жактан коргоо эмгек мыйзамдары, Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө мыйзамдар, социалдык,

пенсиялык камсыздандыруу жөнүндө мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар менен жөнгө салынат.

8.2. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматкерлеринин укуктары, милдеттери жана жоопкерчиликтери Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары, ушул Жобо, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин директору бекиткен жоболор жана кызматтык нускамалар менен аныкталат.

8.3. Мамлекеттик кызматчылар жана окутуучу курамдын окутуучулары, ошондой эле кенже тейлөөчү жана техникалык персоналдын кызматкерлери өздөрүнүн милдеттерин аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке тартылышат.

## IX. Иш-аракеттерди финансылык жана материалдык-техникалык камсыз кылуу

9.1. Сот адилеттигинин жогорку мектебин каржылоо республикалык бюджеттин каражаттарынан жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка каражаттардан камсыз кылынат.

9.2. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин бюджетин түзүү Сот адилеттигинин жогорку мектеби тарабынан жүргүзүлөт жана Судьялар кеңеши тарабынан бекитилет.

9.3. Сот адилеттигинин жогорку мектеби каржы-чарбалык ишти өз алдынча жүзөгө ашырат, келишимдерди түзөт жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Жобого каршы келбеген башка аракеттерди аткарат.

9.4. Сот адилеттигинин жогорку мектеби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ага бекитилип берилген мүлккө ээлик кылат, пайдаланат жана тескейт.

9.5. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин директору жана кызматкерлери Сот адилеттигинин жогорку мектебине келтирген зыяны үчүн Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык материалдык жоопкерчилик тартышат.

## X. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин ишин кайра уюштуруу жана токтотуу

10.1. Сот адилеттигинин жогорку мектебин кайра уюштуруу же жоюу жөнүндө чечим Судьялар кеңешинин макулдугу менен Жогорку соттун төрагасы тарабынан кабыл алынат.

Сот адилеттигинин жогорку мектебин кайра уюштуруу же жоюу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

10.2. Сот адилеттигинин жогорку мектеби жоюлган учурда:

- мүлк мыйзамда белгиленген тартипте менчик ээсине өткөрүлүп берилет;

- анын ишинин жүрүшүндө түзүлгөн документтер Кыргыз Республикасынын архивдик фонду жөнүндө мыйзамдарга ылайык сакталат жана пайдаланылат.

## XI. Жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн тартиби

11.1. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин Жобосу Жогорку соттун төрагасынын сунушу боюнча Судьялар кеңеши тарабынан бекитилет.

11.2. Ушул Жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү же болбосо аны жаңы редакцияда кабыл алуу Жогорку соттун төрагасынын сунуштамасы боюнча Судьялар кеңеши тарабынан жүзөгө ашырылат.

Бул Жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө мамлекеттик кайра каттоо, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда жүргүзүлөт.